**Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин** «Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү» аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогикалык илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппоненттин

# П И К И Р И

**Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин** диссертациялык иши педагогиканын актуалдуу проблемаларынын бири болгон жаңы технологияларын колдонуу менен окутуу процессин эффективдүү башкаруу жана окутуу процессин башкаруу технологияларын өркүндөтүү боюнча толук бүткөн жана өз алдынча аткарылган илимий изилдөө.

**1. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.** Окутуу процессин чеберчилик менен башкаруунун жолдору көптөп саналат жана бул окутуу процесси менен бирге аны башкаруу жолдору дагы өзгөрүүгө муктаж. Окутуу процессин башкаруунун жаңы технологияларын иштеп чыгууга жана даярдоого багытталган Тюнинг жана 2011-жылы TeachEx баштаган “Университеттин стратегиялык менеджменти боюнча институт” деп аталган проекттер иштеп жатат. Азыркы учурда Кыргызстандын билим берүү министрлиги тарабынан жүргүзүлүп жаткан жогорку окуу жайларын акредитациялоо иштери андагы талаптарга дал келүүгө аракет кылып жаткан жогорку окуу жайларында болуп жаткан аракеттердин баардыгы сапатты жогорулатууга аны башкарууга багытталып жаткандыгы чындык. Ушул багытта, изденүүчү өзгөчө сапатты башкаруу системалары аркылуу окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү маселесинин изилдениши актуалдуу болуп саналат.

**2. Изденүүчүнүн диссертациялык ишинде төмөнкүдөй карама-каршылыктардын бар экендигин белгилеген:**

- Эң негизги карама каршылык катары өлкөдөгү сапатты башкаруу системаларынын (quality management systems - QMS) окутуу процессин башкаруу маселесинде жеткиликтүү изилденбегендиги жана колдонулбагандыгы деп белгилеген;
- Сапатты башкаруу системаларынын теориялык жана методологиялык негизинде окутуу процессинин жалпы сапатын өркүндөтүүгө багытталган атайын жол-жоболордун иштелбегендиги;
- Окутуу процессинин негизги уюштуруучусу катары, өлкөбүздүн жогорку окуу жайларындагы окутуучунун сапатты башкаруу системалары боюнча маалыматынын аздыгы.

Бул илимий иш ушул жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды жоюуга карата багытталган.

**Диссертациялык иште төмөндөгүдөй жаңы жана ишенимдүү илимий натыйжалар алынган:**

- ➢ Сапатты башкаруунун жаңы технологияларын окутуу процессинде колдонуунун бирдиктүү системасынын модели түзүлгөн;
- ➢ Окутуу процессин башкаруу үчүн иштелип чыккан моделдин сапаттык көрсөткүчтөрү жана алардын деңгээлдери аныкталган;
- ➢ Окутуу процессиндеги каталардын алдын алуу үчүн процессти статистикалык анализдөө аркылуу контролдоо (Statistical Process Control - SPC) жолдору иштелип чыккан.

**Биринчи бөлүм «Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун теориялык негиздери»** деп аталып окутуу процессин башкаруу маселелеринин изилдениш абалы иликтенип ар кандай көз караштарга талдоолор жүргүзүлгөн. Бул бөлүмдө окутуу процессин башкарууга, башкаруу системасынын келип чыгышына, сапатты башкаруу системаларына (Quality Management Systems – QMS), башкаруу технологияларына жана аларды өркүндөтүү жолдоруна өзгөчө көңүл бурулган. Адабияттарга кеңири анализ жүргүзүлүп, изилдөөнүн проблемалары боюнча изилдеген белгилүү дидактардын жана орус, кыргыз окумуштууларынын эмгектери каралып анализденген. Изилдөөдө билим берүүнүн мазмуну талдоого алынып анын компонеттери белгиленген.

Чынында, студенттин тышкы жана ички абалын, келечекке койгон максатын, кесипке болгон кызыгуусун жана окууга болгон ынтызаарлыгын билүү  тажрыйбасы сапатты жогорлатууга жакшы өбөлгө түзөөрү белгилүү. Диссертацияда студенттин жөндөмү, потенциалы, окуй алуу мүмкүнчүлүгүнүн параметрлери катары академик Ю.К.Бабанскийдин программасы тизмеленип жазылган (өз ладынча эмгектенүү жана активдүүлүк, моралдык деңгээли жана адеп – ахлактуулугу, окууга болгон ынтызаарлыгы, тажрыйбалардын калыптануусу, тырышчаактыгы жана тынымсыз аракеттенүүсү, ден-соолук жана иш жөндөмдүүлүгүнүн өсүшү, үй бүлөнүн колдоосу жана тарбиясы), аталган параметрлердин бирдиктүү механизми иштелип чыкса, сапатты өлчөөнүн так жоболору аныкталса окутуу процессинин сапатуу болушу касыз болот деп белгиленген.

**Экинчи бөлүм “Окутуу процессин башкаруу системасын жана педагогикалык шарттарын өркүндөтүү”** деп аталып, окутуу процессин башкаруунун сапатын өркүндөтүүнүн модели келтирилип анын ар бирин чечмеленип берилген. Диссертацияда берилген окутуу процессинин сапаттык көрсөткүчтөрүнүн таблицасын (таблица 1) пайдалануу менен  азыркы учурда

жогорку окуу жайларында актуалдуу маселе болуп жаткан окутуунун сапатын анализдөөдө пайда болгон кемчиликтерди, каталарды жоюуга болот. Лиин алты сигма (6σ) методологиясы изилдөөнүн негизи катары каралып анын DMAIC каражатын анализделген.

Диссертациялык изилдөөдө, И.Б.Бекбоевдин “Инсанга багыттап окутууга” арналган изилдөөсүнө өзгөчө басым жасалып инсанга багытталган “Окутуу процессинин эффективдүүлүгүнүн педагогикалык шарттары” белгиленген жана анын модели иштелип чыккан. Педагогикалык шарт катары алынган материалдардын мазмуну жана аны ишке ашыруу маселелери окутуу процессинин сапатын жогорулатууда пайдалуу болорун белгилеп кетсек болот.

**“Эксперименталдык изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары” деп аталган үчүнчү бөлүмдө** проблеманын практикалык абалы аныкталган. Мында, жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун абалын аныктоо максатында окутуучулардан анкеталык сурамжылоо, маектешүү жана байкоо иштери жүргүзүлгөн. Эксперименталдык группаларга сапат түшүнүгү жана сапатты башкаруу философиясы, башкаруу системалары, сапатты башкаруу системаларынын билим берүүдөгү абалы, колдонулуусу, алты сигма жана анын DMAIC каражаты тууралу семинарларды өткөрүп анын жыйынтыктарына ээ болгон.

**4. Диссертациялык иштин негизги натыйжалары.** Диссертациялык иште изилдөөнүн объектисине, предметине жана максатына ылайык милдеттер аныкталып, ар кандай деңгээлдеги илимий жыйынтыктар жана натыйжалар алынган, жана аларды төмөнкүчө мүнөздөөгө болот:

1. Сапатты башкаруунун жаңы технологияларын окутуу процессинде колдонуунун бирдиктүү системасынын модели түзүлгөн;

2. Окутуу процессин башкаруу үчүн иштелип чыккан моделдин сапаттык көрсөткүчтөрү жана алардын деңгээлдери аныкталган;

3. Окутуу процессиндеги каталардын алдын алуу үчүн процессти статистикалык анализдөө аркылуу контролдоо (Statistical Process Control - SPC) жолдору иштелип чыккан;

4. Адабияттарга кеңири анализ жүргүзүлүп, изилдөөнүн проблемалары боюнча изилдеген белгилүү дидактардын жана орус, кыргыз окумуштууларынын эмгектери системалаштырылып чыккан;

5. Изилдөөдө билим берүүнүн мазмуну талдоого алынып анын компонеттери белгиленген;

6. Лиин алты сигма (6σ) методологиясы изилдөөнүн негизи катары каралып анын DMAIC каражатын анализделген.

**5. Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси:**

Сапатты башкаруунун жаңы технологияларын окутуу процессинде колдонуунун бирдиктүү системасы жана моделинин түзүлүшү теориялык жактан баалуу жана өлкөбүз үчүн илимий жаңылык катары сунушталат. Изилдөө иште жыйынтык катары алынган окутуу процессин башкаруу системасынын таянган принциптери, системанын максатына жетүү үчүн иш – аракеттердин жол – жобосу, аткаруу ыкмалары жана практикаланган ар бир башкаруу технологиясын андан ары тынымсыз өркүндөтүүнүн механизми жогорку окуу жайларынын педагогдору тарабынан окутуу процессин эффективдүү жүзөгө ашыруу учурунда колдонулушу мүмкүн. Белгиленген окутуу процессинин сапаттык көрсөткүчтөрүн өлчөө, анализдөө жана өркүндөтүү аркылуу, окутуучулар өз сабактарынын сапат деңгээлин көтөрө алат. **6σ** (алты сигма) делген *сапатты тынымсыз башкаруу системасынын* (American Society for Quality, 2013) негизинде иштелип чыккан окутуу процессин өркүндөтүү ыкмалары Кыргызстандын жогорку окуу жайларында тажрыйбаланса, окутуу процессиндеги сапаттын өсүшүнө өбөлгө болот.

**6. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын аныктыгы жана далилдүүлүгү төмөндөгүлөр менен негизделет**:

Изилдөө ишинде сунушталган сапатты башкаруу системанын, окутуу-тарбиялоонун натыйжалуулугу бир нече убакытка созулган педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен тастыкталган. Эксперименттин жыйынтыктарын талдоодо тиешелүү статистикалык критерийдин көрсөткүчү алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгүн толук тастыктап турат.

Натыйжалардын далилдүүлүгүн, аныктыгын маселеге тиешелүү кеңири илимий адабияттардын талданышы, изилдөөнүн максатына ылайыктуу изилдөө ыкмаларынын колдонулушу тастыктап турат. Коюлган маселенин фундаменталдуулугун, ачылып жаткан маселелердин ишенимдүүлүгүн жана баяндалышынын тереңдигин мүнөздөгөн изилдөө логикасынан изилдөө ишинин натыйжасы жана жыйынтыгы келип чыккан.

**7. Диссертациянын практикалык натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар.**

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган бир нече практикалык натыйжаларды пайдаланууга болот, дүйнөлүк аренада сапатты башкаруу системаларынын мааниси, ролу жана орду чоң. Эгерде сапатты башкаруу системаларын билим берүү жаатында пайдалансак ошол билим берүү системасындагы, окутуу процессиндеги сапаттын жогорулашына оң таасирин берет. Окутуу процессинин жалпы сапатынын жогорулашына оң таасирин тийгизе турган сапат борборлорун Кыргызстандын баардык жогорку окуу жайларында ачылышы зарыл.

Диссертант эмгектенген жогорку окуу жайында даярдалган маалыматты башкаруу программасында процесске тиешеси бар бардык ички жана тышкы кардарлар эске алынганы, студент окутуу процессине байланыштуу бардык иштерин интернет аркылуу аткарары, университеттин жетекчилиги менен байланыштуу иштерин дагы интернет аркылуу башкара алары, окутуучунун

сынактын жыйынтыктарын интернеттен үйүндө же башка шаарда отуруп системага киргизе алары, университеттин жетекчилигине берилчү расмий жана расмий эмес документтерди программа аркылуу жетекчиликке жеткире алары, ата – эне дагы кардар катары студенттин бааларын, сабакка катышып - катышпагандыгын жана сабактардын тизмесин карай алары көрсөтүлөт.

***Диссертациянын төмөнкү оң натыйжалары пайдаланууга сунушталат:***

1. Диссертацияда сунушталган лиин алты сигма (Lean Six Sigma) методологиясындагы DMAIC каражатын пайдаланууга болот;

2. Сапатты башкаруунун жаңы технологияларын окутуу процессинде колдонуунун бирдиктүү системасынын моделин пайдаланууга болот. моделди пайдалануу менен жогорку окуу жайдын окутуучуларына жеңилдиктер пайда болуп алардын чыгармачылык иштерине шарттар түзүлөт, студенттерге берген билимдин сапатынын жогорулашына өбөлгө болот;

3. Окутуу процессиндеги каталардын алдын алуу үчүн процессти статистикалык анализдөө аркылуу контролдоо (Statistical Process Control - SPC) методдорун пайдаланууга болот.

**8. Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

- Изденүүчү тарабынан окутуу процессин башкаруунун системасы сапатты башкаруу системаларынын негизинде түзүп моделдештирген;
- Окутуу процессин башкаруу үчүн иштелип чыккан моделдин сапаттык көрсөткүчтөрү жана алардын деңгээлдери аныкталып процесстин жалпы сапатынын деңгээлине бирдиктүү баа берүү методу өздөштүрүлгөн;
- Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессинин сапатын башкарууну тынымсыз өркүндөтүүнүн жолу ийгиликтүү практикаланган;
- Окутуу процессинин эффективдүүлүгүн арттыруу максатында, студенттердин процесстеги маалыматтарынын ачык – айкын жарыяланышы жана жеткиликтүү анализдениши үчүн автоматташтырылган маалыматтык

башкаруу программасы даярдалып ал программанын азыркы учурда ийгиликтүү колдонулууда.

Жогоруда белгиленген аныкталган окутуу процессин башкаруу боюнча модел, аныкталган педагогикалык шарттар жана башкарууну ар дайым өркүндөтүү жол жоболору окутуу процессинин жалпы сапатын жогорулатат.

**9. Изилдөөнүн жыйынтыктары** илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Изилдөөнүн темасы боюнча 13 макала, алардын ичинен эки макала Казахстандан, 11 макала Кыргызстанда жарыяланган, ал эмгектер негизинен изилдөөнүн багытына туура келет. Алардын негизгилери илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда, кеңешмелерде талкууланган.

**10. Диссертациянын мазмуну менен авторефераттын мазмунунун шайкештиги.**

Авторефераттын мазмуну диссертациялык иштин теориялык негиздерине, илимий аппаратына, изилдөө методдордуна жана анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине толугу менен дал келет.

**11. Жогоруда белгиленген жетшкедиктер менен катар диссертациянын мазмунунда төмөнкүдөй айрым мүчүлүштүктөр учурайт:**

1. Диссертациялык иште, Кыргызстандын жогорку окуу жайларында сапатты көтөрүү боюнча жүрүп жаткан маалыматтар кеңирирээк анализденсе болмок;

2. Кыргыз билим берүү системасындагы сапатты башкаруу системасы менен башка мамлекеттердин билим берүү системасындагы сапатты башкаруу системаларынын айырмачылыгы тууралуу салыштырмалуу анализ берилген эмес;

3. Экспериментке катышкан жогорку окуу жайларынын сапаттык деңгээли тууралуу диаграммалык анализ берилсе болмок. Жогорку окуу

жайларындагы педагогикалык шарттар бирдей болушу мүмкүн эмес, ал диссертацияда жыйынтык жалпы түрдө чыгарылып калган.

4. Эксперименталдык иште сабактын орточо баасын алуудагы эсептөөлөрдүн жүрүшү тууралуу так маалымат берилген эмес. Ар бир экспериментке катышкан жогорку окуу жайында кандай жол менен эсептелди жана кандай жаңы технологиялар пайдаланылгандыгы тууралуу кеңири жазылса болмок.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, бул мүчүлүштүктөр эмгектин маанисин төмөндөтпөйт, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

## ЖЫЙЫНТЫК

**1. Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин** «Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү» аттуу 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иш жогорку окуу жайларынын окутуу процессиндеги сапатты башкаруу жана сапаттуу билим берүүнү жогорулатууга багытталган эмгек десек болот. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобонун» 10 пунктуна ылайык коюлган талаптарга толук жооп берет.

**2.** Диссертациялык иштин автору **Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин** 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**педагогика илимдеринин кандидаты,**
**доценттин милдетин аткаруучу** **Ибраев А.Д.**